**УДК 347.965.1**
**DOI 10.53473/16946324**

**Н.Ж.Чыныбаева,**
Кыргыз Республикасынын эл аралык университети
Эл аралык кызматташтык жана политология
кафедрасынын ю.и.к., доцентинин м.а.,
**Н.Чыныбаева,**
Международный университет Кыргызской Республики
к.ю.н., и.о.доцента кафедры Международного,
предпринимательского права и политологии
**Chynybaeva N.,**
International University of the Kyrgyz Republic
Ph.D. (Law), Acting Associate Professor
of the Department of International,
Business Law and Political Science,
**mobile phone**: +996(559)101842
**e-mail:** Chynybaeva.nurgul.j@gmail.com
**А.Н.Нуридинова,**
Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиясы
конституциялык жана муниципалдык
укук кафедрасынын ю.и.к., доцентинин м.а.
**Нуридинова А.Н.,**
Кыргызская государственная юридическая академия
к.ю.н., и.о.доцента кафедры
конституционного и муниципального права
**Nuridinova A.,**
Kyrgyz State Law Academy
Ph.D. (Law), Acting Associate Professor
of the Department of Constitutional and Municipal Law
**mobile phone**: +996(556)666111
**e-mail:** nurdinova3005@mail.ru

# ЖАРААНДАРДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК УКУКТАР ЖАНА ЭРКИНДИКТЕР СИСТЕМАСЫНДА КАЙРЫЛУУ УКУГУ

# ПРАВО ГРАЖДАН НА ОБРАЩЕНИЯ В СИСТЕМЕ КОНСТИТУЦИОННЫХ ПРАВ И СВОБОД ГРАЖДАН

# THE RIGHT OF CITIZENS TO APPEAL IN THE SYSTEM OF CONSTITUTIONAL RIGHTS AND FREEDOMS OF CITIZENS

---

***Аннотациясы****: Макалада Кыргыз Республикасында конституциялык кайрылуу укугунун юридикалык табиятын түшүнүүгө болгон мамилелердин комплекстик теориялык анализи камтылган. Анын субъективдик укук катары мазмунунун спецификасы ачыкталат. Кыргыз Республикасында кайрылуу конституциялык укугунун институтунун өнүгүүсүнө тоскоол болгон чечилбеген теориялык-укуктук жана практикалык маселелер жыйындысынын спектри белгиленет.*

***Негизги сөздөр****: инсан, кайрылуу укугу, укук жана милдеттердин теңдиги, принциптер, укук системасы, жараан, укуктардын кепилдиги, мамлекет*

***Аннотация***: *В статье содержится комплексный теоретический анализ подходов к пониманию юридической природы конституционного права на обращение в Кыргызской Республике. Раскрывается специфика его содержания как субъективного права. Обозначается спектр нерешенных теоретико-правовых и практических вопросов, совокупность которых препятствует развитию института конституционного права на обращение в Кыргызской Республике.*

***Ключевые слова***: *личность, право на обращение, равенство прав и обязанностей, принципы, правовая система, гражданин, гарантированность прав, государство*

***Abstract:*** *The article contains a comprehensive theoretical analysis of approaches to understanding the legal nature of constitutional right to appeal in the Kyrgyz Republic. The specificity of its content as a subjective law is revealed. The spectrum of outstanding theoretical and legal and practical issues is indicated, the totality of which impedes the development of the institution of constitutional right to appeal in the Kyrgyz Republic.*

***Key words:*** *personality right to appeal, equality of rights and duties, principles, legal system, citizen, guarantee of rights, state.*

---

Инсандын укугун улуттук конституциялык жактан жөнгө салуу дээрлик ар бир өлкөдө калыптанат. Кыргыз Республикасынын Конституциясы адамдын укуктарын жана эркиндигин бийик баалуулук деп, ал эми адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин таануу, сактоо жана коргоо – мамлекеттин милдети деп жарыялаган (КР Конституциясынын 23-беренеси). [1]

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын бекитилген субъективдик укуктарынын арасында белгилүү бир даражада тиешелүү түрдө ишке ашкандары учурдагы укуктар жана эркиндиктердин бүткүл комплексинин ишке ашуусунун кепилдиги болуп саналат.

Мындай укутарга биринчи кезекте кайрылуу укугу кирет (КР Конституциясынын 41-беренеси). [1] Чындыгында, кайрылуу укугунун мааниси анын Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жараандын укук жана эркиндиктеринин иштеп жаткан бүткүл системасына тийгизген камсыздоочу таасиринде турат.

Бирок КР Конституциясында жеке адам укуктарын (анын ичинен кайрылуу укугу) жарыялоо көп учурда формалдык мүнөзгө ээ, ал эми адамдын жана жараандын укугун жана эркиндиктерин сактоо абалы Кыргыз Республикасында биз каалагандай эмес. Буга бир топ себептер бар.

Биринчиден, Кыргыз Республикасынын азыркы мыйзам чыгаруусунун өнүгүүсү ансезимдин көп кылымдык салттары менен маданий коомдун “заманбап стандарттарына” туура келүү каалоосунун арасындагы мүнөздүү карама-каршылык менен татаалдашат. Кыргыз Республикасынын аймагында конституционализмдин өнүгүүсүнүн, укукка, адамдардын кызыкчылык жана баалуулуктарына болгон сый-урматты тарбиялоонун тарыхы анчалык бай эмес.

Башка себеби – адамдын укук жана эркиндиктери жөнүндө коомдун маалыматынын жетишсиздиги, бул чөйрөдө элементардык билимдердин жоктугу жана мындан улам коомдо укуктук нигилизм жана инфантилизмдин үстөмдүгү. Буга байланыштуу, адам укуктарынын маданиятына үйрөтүү эн маанилүүү маселе болуп саналат. Бул кызмат адамдарына да, өлкөнүн аймагында жашаган баардык адамдарга да жайылышы керек. [2]

Кыргыз Республикасында демократиянын негизи болгон адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сыйлоону норма кылуу үчүн жараандар өздөрү укуктарын жана эркиндиктерин түшүнүүсү, бул чөйрөдө белгилүү бир билимдерге ээ болуусу, башка адамдардын укуктарын жана намысын сыйлоосу, укук жана эркиндикти коргоо жаатында көндүмдөргө жана жөндөмдөргө ээ болуусу зарыл. Так ошол адамга таандык укуктардын жана эркиндиктердин тубаса мүнөзүн түшүнүү аны мамлекеттен өтө көз каранды болуусунан бошотот,

Именно понимание прирожденного характера прав и свобод, принадлежащих человеку, освобождает его от чрезмерной зависимости от государства, ага ар кандай кол салууларга каршы өз укуктарын коргоого мүмкүндүк берет. [3] Адамдын өз укуктары жана милдеттери жөнүндө билүүсү – адам укуктарынын маданиятынын эн маанилүү элементи. Өз кезегинде, адам укуктарынын маданиятынын жогорку денгээли – бул укуктарды ишке ашыруунун кепилдиктеринин бири. [4]

Муну менен бирге, адамдын жана жараандын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу маселеси жогоруда айтылгандар менен чектелбейт жана компетенттүү мамлекеттик органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан тез арада тиешелүү түрдө чечилүүсүн талап кылган көйгөйлөрдүн зор айлампасын түзөт.

Мисалы, жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын жараандарынын мамлекеттик жана муниципалдык органдарга кайрылуу конституциялык укугу азырыкы учурда мыйзамдык негизге ээ эмес, себеби жараандардын кайрылуусун карап чыгууну жөнгө салуучу нормативдик-укуктук актылар юридикалык жана моралдык жактан эскирген.

Кырдаал, кайрылуу укугунун адамдын жана жараандын субъективдик укук жана эркиндиктеринин системасы менен өз алдынча объективдик юридикалык көрүнүш катары өз ара кызматташтыкка кирүүсү менен татаалдашат.

КР Конституциясында белгиленген адам жана жараан укуктары жана эркиндиктери комплекси бирдиктүү укуктук көрүнүш катары кайрылуу укуктарын ишке ашыруу процедураларына өз алдынча таасирин тийгизүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мунун себеби – КР Конституциясында белгиленген, жана ушуга жараша, мамлекет тарабынан таанылган, кепилденген жана корголгон баардык укук жана эркиндиктердин максат жана маселелеринин биримдиги.

Ошентип, кайрылуу укугу өз алдынча бар болгон укуктук көрүнүш гана эмес, анын башка элементтери жана бүтүндөй системанын өзү менен өз ара байланышкан белгилүү бир укуктук системанын элементи болуп саналат. Кайрылуу укугу индивиддин субъективдик укугу катары өз алдынча баалуулукка ээ болуу менен бирге, Кыргыз Республикасынын конституциялык укук жана эркиндиктердин ырааттуу системасынын негизги элементи катары алда канча маанилүү баалуулукка ээ.

Негизинен, ырааттуулук укук нормасынын бар болуусуна мүнөздүү. Ырааттуулук укук нормасынын өзгөчөлүгүн мүнөздөйт: башка нормалар, укуктук институттар, укуктун тармактары менен белгилүү байланышта жана катышта болуу. [5] Нормалар башка нормалар менен бирге, укуктун процедуралык, процессуалдык нормалары менен да белгилүү бир байланышта болот. Ыраатуулук ошондой эле укуктук нормалардын иерархиясын, алардын биринчилигин жана экинчилигин мүнөздөйт. Айрыкча, конституциянын кээ бир нормалары мыйзамдарда, алар, өз кезегинде, мыйзам алдындагы актыларда, токтомдордо ж.б. айкындалат. [6]

Албетте, КР Конституциясынын 2-бөлүгүндө белгиленген адам жана жараандын укук жана эркиндиктер системасынан тышкары кайрылуу укугунун ишке ашуу мүмкүнсүздүгүнүн себептери жогоруда айтылгандар: бул укук жана эркиндиктердин максат жана маселелеринин биримдиги жана укук нормасынын өзүнүн ажыратылгыс өзгөчөлүгү катары ыраттуулугу менен эле чектелбейт.

Ошентип, чынында, КР Конституциясынын 2-бөлүгүндө белгиленген адам жана жараандын укуктары жана милдеттери, анын ичинде кайрылуу укугу – түздөн-түз инсандын мыйзам чыгарууда жоболоштурулган конституциялык-укуктук статусу. Укуктун теориясына ылайык, инсандын конституциялык-укуктук статусу адамдын жана жараандын айкын укук мамилелериндеги (үй-бүлөөлүк, эмгектик, мүлктүк ж.б.) жекече бар болуусун көрсөтөт.

Ошентип, индивид учурдагы конституциялык укуктардын кайсы бирин ишке ашырып жатып, КР Конституциясында белгиленген конситуциялык-укуктук статустун мүмкүнчүлүктөрүн колдонот. Муну менен бирге, биринчиден, бир укуктун ишке ашуу процесси көбүнчө, ошол эле учурда башка укутардын колдонулушун камтыйт, жана

экинчиден, укуктардын кайсы биринин ишке ашуу процессинин өзү бирдиктүү "технологиялык" эреже жана мыйзамдар боюнча жүзөгө ашырылат. Андыктан, кайрылуу укугу системанын бир бөлүгү болуп туруп, объективдик түрдө бар болгон "системдик" мыйзам ченемдүүлүк жана эрежелерге гана ылайык ишке ашат. Бул эрежелерге, биринчи кезекте, Кыргыз Республикасынын жараандарынын укуктук абалдарынын принциптерин колдонууну киргизүү керек. Алардын ичинен төмөндөгүлөдү атоо керек:

1. Укук жана милдеттердин тендиги принциби. КР Конституциясынын 50 беренесинде белгиленген бул принцип толугу менен кайрылуу укугунун ишке ашуусуна тиешелүү болуусу мүмкүн. Чындыгында, бул принцип индивиддердин формалдык-укуктук биримдигин, алардын укуктук мүмкүнчүлүктөрүнүн тендигин бекемдейт. Андыктан, КР аймагында кайрылуу укугу КР аймагында жүргөн ар бирөөнө кепилдик берет, анын укуктары жана эркиндиктеринин тендиги жынысына, расасына, улутуна, тилине, ата тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, жашаган жерине, динге болгон мамилесине, көз карашына, коомдук бирикмелерге тиешелүүлүгүнө ж.б. кырдаалдарга карабай кепилденет.

2. Укуктардын жана эркиндиктердин ажырагыстыгы индивиддин конституциялык-укуктук статусунун принциби катары бул субъекттин негизги укуктары жана эркиндиктери ажырагыс жана төрөлгөндөн баштап ага таандык болгонунан турат. Чынында, бул, эч бир адам эч бир негиз менен конституциялык укук жана эркиндиктерден ажырай албаарын билдирет. Муну менен бирге, инсандын укуктарынын ажырагыстыгы идеясы кыйла талаштуу болуп саналат, себеби бир топ жашыруун көйгөй жана маселелерди өз ичине камтыйт. Андыктан, инсандын укук жана эркиндиктерин мыйзам чыгаруу жактан чектөөлөр маселеси (убактылуу четтетүүнү көрсөткөн процедура катары) дүйнөлүк практикада эбак эле чечилген. Бул принципке колдонулуучу кайрылуу укугу жөнүндө айтып жатканда, көбүнчө конституциялык укуктарга караганда, бул укуктун чектөөлөрү бир гана жол-жоболук мүнөзгө ээ экенин жана ар кандай, жада калса өзгөчө кырдаалда толук жетиштүү экенин белгилей кетүү керек.

3. Укук жана эркиндиктердин ишке ашуусунун түздөн-түздүгү принциби КР Конституциясынын 23-беренесинде белгиленген жана адамдын жана жараандын укук жана эркиндиктерин түздөн-түз ишке ашуучу катары аныктайт. Башкача айтканда, КР Конституциясында жоболоштурулган инсандын укук жана эркиндиктери жалпыга милдеттүү эреженин тиешелүү күчүн алуу үчүн башка нормативдик иш кагаздарында кошумча жоболоштурууга муктаж эмес. Муну менен бирге, бул конституциялык принциптин практикада колдонулушуна таасир эткен эки аспект жөнүндө айтып өтүүбүз зарыл. Биринчиден, соттордун басымдуу көпчүлүгү англоскасондук укук шартында иштеген соттордон айырмаланып, укук колдонуу процессинде өздөрүнүн процессуалдык абалынан улам жалпы укуктук мүнөздөгү актыларга караганда атайын актыларды жогору баалашат. Себеби атайын актынын колдонулушу соттон укуктун жалпы нормасын түшүндүрүү оордугун алып таштайт. Экинчиден, мамлекеттик аппараттын тарыхта калыптанган менталитетинен улам, мекемелик көрсөтмөлөрдүн чыныгы күчү кээде мыйзамдын күчүнөн ашат. Албетте, аты аталган аспекттин экөөсү тен КР Конституциясында белгиленген субъективдик укук жана эркиндиктердин (анын ичинде кайрылуу укугунун) ар бирөөсүнүн айрым тармактык мыйзам чыгаруу актыларында өнүгүү зарылчылыгы маселесин көтөрөт, жана тилекке каршы, жок дегенде, конситуциялык-укуктук нормалардын нарксыздануусуна алып келет.

4. Инсандын укук, эркиндик жана милдеттеринин кепилдиги жөнүндөгү конституциялык принцип инсандын укуктук статусунун элементтеринин бири менен – конституциялык укук жана эркиндиктердин, буга жараша, кайрылуу укугунун ишке ашуусунун кепилдигинин өзү менен, түздөн-түз кайчылашат. Бул принципти камсыз кылган конситуциялык-укуктук нормалар, атап айтканда, КР Конституциясынын 24-беренесинде камтылган. Ага жараша, мамлекет адамдын жана жараандын укук жана эркиндиктерин таанууну, сактоону жана коргоону өз колуна алат.

Мындан сырткары, КР Конституциясынын 61-беренесинде Кыргыз Республикасында адам жана жараандын укук жана эркиндиктери бир гана таанылбастан, кепилденээри айрыкча белгиленген.

Ошентип, бул конституциялык нормаларга ылайык, Кыргыз Республикасынын аймагында кайрылуу укугу түздөн-түз мамлекет тарабынан таанылуу, сакталуу жана корголуу аркылуу кепилденет. КР Конституциясындагы жалпы нормалардан сырткары, каралып жаткан принципке арналган атайын нормалар да бар. Андыктан, КР Конституциясынын 66-беренесинде Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, адам жана жараандын укук жана эркиндиктеринин кепилдөөчүсү болуп эсептелет. Ал эми КР Конституциясынын 91-беренесине ылайык, мыйзамдуулукту, жараандардын укук жана эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча чараларды ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн компетенттүүлүгүнө кирет. Шексиз, кайрылуу укугунун ишке ашуусу ушул сыяктуу кепилдиктер болобогондо бир кыйла даражада татаалдашмак.

5. Кыргыз Республикасынын аймагында адамдын жана жараандын укук жана эркиндиктерин таануу жана кепилдөө принциби, атап айтканда, "эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерине жана нормаларына" (КР Констиутциясы, 61-берене) ылайык, эл аралык укуктун нормаларына жараша инсандын укук жана эркиндиктеринин минимумунун кандайдыр бир кепилдөөчүсү катары маанилик милдетти аткарат. Бул принцип аты аталган башка принциптерден айырмаланып, Кыргыз Республикасынын аймагында кайрылуу укугунун мүнөзүн түздөн-түз аныктаган укуктук нормалардын түзүлүшүнө таасирин тийгизет. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 58-беренесинин 5-бөлүгү укуктук коргоонун колдо бар мамлекеттик ички каражаттары бүткөн учурда, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык, ар бирөөнүн адамдын укук жана эркиндиктерин коргоочу эл аралык органдарга кайрылуу укугун бекемдейт.

6. Дагы бир принцип – адамдын жана жараандын конституциялык укук жана эркиндиктеринин мыйзамсыз чектөөсүн тыюу принциби КР Конституциясынын өзүнүн гумандык маңызынан жана багытынан келип чыгат. Жалпысынан, бул принцип Кыргыз Республикасында адамдын жана жараандын укук жана эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар чыкпашы керек экенин белгилеген КР Конституциясынын 23-беренесинде бекитилген. Бул принциптин абсолюттуулугу, ажырагыстык принциби сыяктуу эле талаштуу. А

дам коомдо жашайт жана көп учурда анын кызыкчылыктары башка адамдардын кызыкчылыктары менен кайчылашат. Андыктан, КР Конституциясынын 62-беренесинде "адамдын жана жараандын укук жана эркиндиктеринин ишке ашуусу башка адамдардын укук жана эркиндиктерин бузбоосу керек" экендиги баса белгиленген. Бул чектөөлөр мыйзам чыгаруу тарабынан бекитилген учурларда гана болуусу мүмкүн. КР Конституциясынын 2-беренесинде бекитилгендей, "адамдын жана жараандын укук жана эркиндиктери конституциялык тартиптин негиздерин, адеп-ахлакты, ден-соолукту, башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдык кызыкчылыктарын коргоо, өлкөнү коргоону жана мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылуу максатында гана керектүү өлчөмдө мыйзам тарабынан чектелүүсү мүмкүн". Бул норманын негизинде, мисалы, ошондой эле КР Конституциясынын 23-беренесинде өзгөчө кырдаал шартында жараандардын коопсуздугун жана конституциялык тартипти камсыз кылуу үчүн, конституциялык мыйзамга ылайык, укук жана эркиндиктердин чек жана мөөнөтү көрсөтүлгөн айрым бир чектөөлөрү белгилениши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын жараандарынын укуктук абалынын жогоруда каралган принциптери, укук жана эркиндиктердин өздөрү менен бирге индивиддин укук жана эркиндиктери системасынын максаттары жана маселелери, өз алдынча иштеп жаткан юридикалык категория катары, каралып жаткан системанын бир бөлүгү болуп эсептелет. Кайсы бир системанын курамдык бөлүгү болуп туруп, кайрылуу укугу, жогоруда

айтылгандай, бул системада орун алган эрежелерге баш ийүүгө жана андагы механизмдерди жана технологияны колдонууга мажбур. [7]

Чындыгында, адамдын жана жараандын укук жана эркиндиктери системасынын бир бүтүн катары курамдык бөлүгү болуп саналган элементтерди бул процесске камтыбастан, кайрылуу укугун ишке ашыруу мүмкүн эмес. Өз кезегинде, кайрылуу укугу Кыргыз Республикасынын аймагында адамдын жана жараандын укук жана эркиндиктери системасынын тиешелүү түрдө иштешин камсыз кылган милдетти аткарган бул системанын ажырагыс курамдык бөлүгү болуп эсептелет.

**Колдонулган булактардын жана адабияттын тизмеси:**

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (Электрондук ресурс): референдум (жалпы элдик добуш берүү) менен 2021-жылдын 11-апрелинде кабыл алынган (Кыргыз Респуб- ликасынын 2021 жылдын 5 майындагы Мыйзамы менен кабыл алынды) // Юстиция ми- нистрлигинин расмий сайты – Кыргыз Республикасынын укуктук маалыматтардын барборлоштурулган банкы – кирүү тартиби: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru- ru/112213/10?cl=ky-kg&mode=tekst – Экрандан аталышы
2. Киров В.Ц. Жараандык коомдо мамлекеттик бийликтин парадокстору. М.,1992. – 167- бет.
3. Комарова В. Россияда түздөн-түз демократиянын формалары. Окуу китеби – М., "Ось-89", 1998. – 304-бет.
4. Экономикалык, социалдык, маданий укук жөнүндө эл аралык келишим. 16-декабрь 1966-ж. 2200 (XXI) Резолюциясы менен БУУ Генералдык Ассамблеясынын 1496- пленардык жыйынында кабыл алынган. – 25-27-бет.
5. Адамдын укуктары. Вуздар үчүн окуу китеби. Жоопкерчиликтүү редактор – РАН мүчө- корреспонденти, ю.и.д. Е. А. Лукашева. – М.: НОРМА басма үйү (НОРМА басма тобу – ИНФРА – М), 2000. – 573-бет.
6. Широбоков С.А. Адамдын жана жараандын конституциялык кайрылуу укугу. Автореф.дисс. канд. – Пермь, 1999. – 222-бет.

Миронов М.А. Адамдын укуктарын жана негизхги эркиндиктерин коргоо системасы- нын элементи катары жараандардын кайрылуусу (авторлдук редакцияда) – М., Юрид. адаб., 2001. – 392-бет.